| Q-2024-0010<br>(Документтин шифри)<br>13 бет<br>(Беттин саны)<br>19.04.2024<br>( бекитилген датасы) | Ош мамлекеттик университети<br>**САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ**<br>**«ОшМУнун заманбап электрондук окуу-усулдук комплекси» конкурсунун жобосу** |
|---|---|

БЕКИТЕМ
ОшМУнун ректору
К. Г. Кожобеков

**ОКУТУУНУН САПАТЫ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДОО БӨЛҮМҮ**

**ОШМУНУН “ЗАМАНБАП ЭЛЕКТРОНДУК ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКСИ” КОНКУРСУНУН ЖОБОСУ**

**Ош, 2025**

| Q-2024-0010<br>(Шифр документа)<br>13 стр.<br>(Количество страниц)<br>19.04.2024<br>(Дата утверждения) | Ошский государственный университет<br>**ПОЛИТИКА ОБЕСПЕЧЕНИЯ КАЧЕСТВА**<br>**Положение о конкурсе «современный электронный учебно-методический комплекс ОШГУ»** |
|---|---|

УТВЕРЖДАЮ
Ректор ОшГУ
Кожобеков К.Г.

**ОТДЕЛ КАЧЕСТВА ОБУЧЕНИЯ И МЕТОДИЧЕСКОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ**

**ПОЛОЖЕНИЕ О КОНКУРСЕ «СОВРЕМЕННЫЙ ЭЛЕКТРОННЫЙ УЧЕБНО-МЕТОДИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС ОШГУ»**

Ош, 2025

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | «ОшМУнун заманбап электрондук окуу-усулдук комплекси» конкурсунун жобосу |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | ОшМУнун административдик кеңешинин 2025-жылдын 30-майындагы отурумунда талкууланып, жактырылган. |
| Документтин шифри | Q-2024-0010 |
| Документтин аннотациясы | Бул жобо “ОшМУнун заманбап электрондук окуу-усулдук комплекси” конкурсун өткөрүүнүн тартибин жана регламентин аныктайт. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

## ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Жалпы жоболор | 4 |
| 2. | Конкурстун максаты жана милдеттери | 4 |
| 3. | Конкурсту уюштуруу тартиби | 5 |
| 4. | Конкурстун талаптары | 8 |
| 5. | ЭОУКка коюлуучу талаптар | 9 |
| 6. | Баалоо критерийлери | 10 |
| 7. | Конкурстун жеңүүчүлөрүн жана финалисттерин сыйлоо | 11 |
| 8. | 1-тиркеме | 12 |
| 9. | 2-тиркеме | 13 |


## ПАСПОРТ НОРМАТИВНОГО ДОКУМЕНТА

| | |
|---|---|
| Название документа | Положение о конкурсе „Современный электронный учебно-методический комплекс ОшГУ“. |
| Инициация документа | Политика обеспечения качества ОшГУ |
| Тип документа | Положение |
| Дата утверждения | Рассмотрено и одобрено на заседании Административного совета ОшГУ 30 мая 2025 года. |
| Шифр документа | Q-2024-0010 |
| Аннотация документа | Настоящее Положение определяет порядок проведения и регламент конкурса «Современный электронный учебно-методический комплекс ОшГУ». Положение является документом системы обеспечения качества университета. |

## СОДЕРЖАНИЕ ДОКУМЕНТА


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Общие положения | 4 |
| 2. | Цель и задачи конкурса | 4 |
| 3. | Порядок организации конкурса | 5 |
| 4. | Требования конкурса | 8 |
| 5. | Требования к ЭУМК | 9 |
| 6. | Критерии оценивания | 10 |
| 7. | Награждение победителей и финалистов конкурса | 11 |
| 8. | Приложение 1. | 12 |
| 9. | Приложение 2. | 13 |

| **КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨР** | **УСЛОВНЫЕ СОКРАЩЕНИЯ:** |
|---|---|
| ОшМУ – Ош мамлекеттик университети<br>ЭОУК – электрондук окуу-усулдук комплекс<br>ПЦК – предметтик циклдык комиссиясы<br>IT-адис – маалыматтык технологиялар адиси<br>mooc.oshsu.kg – ОшМУнун санариптик билим берүү порталы<br>ОМК – окуу-методикалык кеңеш<br>ОСМКБ – окутуунун сапаты жана методикалык камсыздоо бөлүмү<br>СӨАИ – студенттин өз алдынча иштери | ОшГУ – Ошский государственный университет<br>ЭУМК – электронный учебно-методический комплекс<br>ПЦК – предметная цикловая комиссия<br>IT-специалист – специалист по информационным технологиям<br>mooc.oshsu.kg – цифровой образовательный портал ОшГУ<br>УМК – учебно-методический совет<br>ОКОМО– отдел качества обучения и методического обеспечения<br>СРС– самостоятельная работа студента |

## I. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Жобо Ош мамлекеттик университетинде билим берүү программаларын аралыктан окутуу технологияларынын негизинде ишке ашырууда электрондук окуу-усулдук комплекстердин (мындан ары – ЭОУК) сапатын жогорулатуу, окутуучулардын санариптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү жана мыкты тажрыйбаларды жайылтуу максатында өткөрүлүүчү «ОшМУнун заманбап электрондук окуу-усулдук комплекси» конкурсунун (мындан ары – Конкурс) тартибин аныктайт.
1.2. Жобо университеттин Академиялык саясатына жана "Ош мамлекеттик университетинде билим берүү программаларын ишке ашырууда аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу жөнүндө" жобосуна негизделет.
1.3. Конкурс университеттин билим берүү порталы – mooc.oshsu.kg аркылуу ишке ашырылган ЭОУКтардын негизинде өткөрүлөт.
1.4. Конкурска педагогдук 3 жылдан кем эмес стажы бар, ошондой эле окумуштуулук даражасынын бар же жок болушунан көз карандысыз ОшМУнун штаттык окутуучулары катыша алышат.
1.5. Конкурс жөнүндө жарыя университеттин сайтына октярь айында жайгаштырылат.
1.6. Конкурс жылына бир жолу өткөрүлөт жана бир окутуучу бир дисциплина боюнча катышууга укуктуу.

### 2. Конкурстун максаты жана милдеттери

**2.1. Максаты:**

- аралыктан окутууда колдонулган ЭОУКтардын сапатын жогорулатуу;
- окутуучуларды санариптик билим берүү ресурстарын түзүүгө жана өркүндөтүүгө стимулдаштыруу;
- билим берүү порталынын мазмундук деңгээлин жогорулатуу;

## 1. Общие положения

1.1. Настоящее Положение определяет порядок проведения конкурса «Современный электронный учебно-методический комплекс ОшГУ» (далее – Конкурс), который проводится с целью повышения качества электронных учебно-методических комплексов (далее – ЭУМК), реализуемых в рамках образовательных программ университета с использованием технологий дистанционного обучения, развития цифровой компетентности преподавателей и распространения лучших практик.
1.2. Положение основано на Академической политике университета и на Положении «О применении технологий дистанционного обучения в реализации образовательных программ Ошского государственного университета».
1.3. Конкурс проводится на основе ЭУМК, реализованных через образовательный портал университета – mooc.oshsu.kg.
1.4. В конкурсе могут участвовать штатные преподаватели ОшГУ с педагогическим стажем не менее 3 лет, независимо от наличия или отсутствия ученой степени.
1.5. Объявление о проведении конкурса размещается на официальном сайте университета в октябре.
1.6. Конкурс проводится один раз в год, и один преподаватель имеет право участвовать только по одной дисциплине.

### 2. Цель и задачи конкурса

**2.1. Цель:**

- повышение качества ЭУМК, применяемых в дистанционном обучении;
- стимулирование преподавателей к созданию и совершенствованию цифровых образовательных ресурсов;
- повышение содержательного уровня образовательного портала;

| | |
|---|---|
| • мыкты электрондук курстарды аныктоо жана заманбап билим берүү технологияларын интеграциялоо менен алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны жайылтуу.<br><br>**2.2. Милдеттери:**<br>• ЭОУКтарды бирдиктүү талаптарга ылайык иштеп чыгуу маданиятын калыптандыруу;<br>• интерактивдүү жана студентке багытталган окутуу ыкмаларын өнүктүрүү;<br>• академиялык чынчылдыкты жана баалоонун ачык-айкындуулугун камсыз кылуу;<br>• инновациялык санариптик чечимдерди окуу процессине интеграциялоо;<br>• электрондук окуу материалдарын, видеосабактарды, вебинарларды жана интерактивдүү платформаларды колдонуу аркылуу окутуунун сапатын жогорулатуу.<br><br>**3. Конкурсту уюштуруу тартиби**<br>3.1. Конкурстун жалпы координациясы окуу иштери боюнча проректор тарабынан жүргүзүлөт.<br>3.2. Конкурстун уюштуруучусу болуп Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) эсептелет. Конкурсту уюштуруп-өткөрүүнү ОСМКБ (Мындан ары – уюштуруу комитети) жүргүзөт.<br>3.3. ОшМУнун сайтында “Заманбап электрондук окуу-усулдук комплекси” конкурсун өткөрүү жөнүндө кулактандыруу жарыяланат (октябрь).<br>3.4. Конкурс үч этапта өткөрүлөт жана ырааттуулук, ачык-айкындуулук, атаандаштык принциптеринин негизинде уюштурулат:<br>• I этап – дисциплиналык тандоо этабы (февраль);<br>• II этап – билим берүү программалары деңгээлиндеги тандоо этабы (март);<br>• III этап – жалпы университеттик финал (апрель). | • выявление лучших электронных курсов и распространение передового педагогического опыта путем интеграции современных образовательных технологий.<br><br>**2.2. Задачи:**<br>• формирование культуры разработки ЭУМК в соответствии с едиными требованиями;<br>• развитие интерактивных и ориентированных методов обучения для студентов;<br>• обеспечение академической честности и прозрачности оценивания;<br>• интеграция инновационных цифровых решений в учебный процесс;<br>• повышение качества обучения посредством использования электронных учебных материалов, видеолекций, вебинаров и интерактивных платформ.<br><br>**3. Порядок организации конкурса**<br>3.1. Общая координация конкурса осуществляется проректором по учебной работе.<br>3.2. Организатором конкурса является Ошский государственный университет (ОшГУ). Ответственным за организацию и проведения конкурса является отдел ОКОМО. (Далее – организационный комитет)<br>3.3. На официальном сайте ОшГУ размещается объявление о проведении конкурса «Современный электронный учебно-методический комплекс» (октябрь).<br>3.4. Конкурс проводится в три этапа и организуется на основе принципов последовательности, прозрачности и конкуренции:<br>• I этап – этап дисциплинарного отбора (февраль);<br>• II этап – этап отбора на уровне образовательных программ (март);<br>• III этап – финал на уровне университета (апрель).<br>3.5. Каждый этап конкурса проводится согласно утвержденному графику. Результаты этапов оформляются соответствующим протоколом. |

3.5. Конкурстун ар бир этабы белгиленген графикке ылайык өткөрүлөт. Этаптардын жыйынтыгы тиешелүү протокол менен тариздэлет.

**3.6. I этап – дисциплиналык тандоо этабы (февраль)**
3.6.1. Дисциплиналык тандоо этабы кафедра/бөлүм/ПЦК башчысынын жетекчилиги алдында өткөрүлөт.
3.6.2. Кафедра/бөлүм/ПЦК деңгээлинде кеминде 3 адамдан турган комиссия түзүлөт (кафедра/бөлүм/ПЦК башчысы, тажрыйбалуу окутуучулар, IT-адис).
3.6.3. Конкурска катышуу үчүн окутуучу өзүнүн ЭОУКун толук даяр абалда билим берүү порталына (mooc.oshsu.kg) жайгаштырып, кафедра/бөлүм/ПЦКнын деңгээлинде түзүлгөн комиссияга сунуштайт.
3.6.4. Жыйынтык кафедра/бөлүм/ПЦК жыйынында каралып, протокол менен тариздэлет.
3.6.5. Дисциплиналык тандоо этабынын жыйынтыгында эң жогорку упай алган ЭОУКтар (1 же 2 окутуучунун иши), окуу түзүмдөрдүн (факультеттердин, институттардын, жогорку мектептердин жана колледждердин) билим берүү программалары деңгээлиндеги тандоо этабына сунушталат жана түзүмдүн окуу-методикалык кеңешине (ОМК) катталат.

**3.7. II этап – Билим берүү программалары деңгээлиндеги тандоо этабы (март)**
3.7.1. II этапта ОшМУнун "Заманбап электрондук окуу-усулдук комплекси" наамына талапкерлер тандалат (март).
3.7.2. Билим берүү программалары деңгээлиндеги тандоо этабы окуу түзүмдөрдүн жетекчилеринин буйругу менен түзүлгөн комиссия тарабынан өткөрүлөт.
3.7.3. Комиссиянын курамына:
- окуу түзүмдөрдүн жетекчилери же орун басары;
- окуу-методикалык кеңешинин төрага/төрайымдары;
- IT-адис;
- тиешелүү багыттагы адистер кирет.

**3.6. I этап – этап дисциплинарного отбора (февраль)**
3.6.1. Этап дисциплинарного отбора проводится под руководством заведующего кафедрой/отделением/ПЦК.
3.6.2. На уровне кафедры/отделения/ПЦК создается комиссия не менее чем из 3 человек (заведующий кафедрой/отделением/ПЦК, опытные преподаватели, IT-специалист).
3.6.3. Для участия в конкурсе преподаватель размещает полностью подготовленный ЭУМК на образовательном портале **(**mooc.oshsu.kg**)** и предоставляет его комиссии, сформированной на уровне кафедры/отделения/ПЦК.
3.6.4. Результаты рассматриваются на заседании кафедры/отделения/ПЦК и оформляются протоколом.
3.6.5. По итогам дисциплинарного этапа ЭУМК с наивысшими баллами (работа 1 или 2 преподавателей) предлагается для участия во II этапе отбора на уровне образовательных программ учебных подразделений (факультетов, институтов, высших школ и колледжей) и регистрируется в учебно-методическом совете (ОМК) структурного подразделения.

**3.7. II этап – этап отбора на уровне образовательных программ (март)**

3.7.1. На II этапе определяются кандидаты на звание «Современный электронный учебно-методический комплекс» ОшГУ (март).
3.7.2. Этап отбора на уровне образовательных программ проводится комиссией, сформированной приказом руководителей учебных подразделений.
3.7.3. В состав комиссии входят:
- руководители учебных подразделений или их заместители;
- председатели учебно-методического совета;
- IT-специалист;
- специалисты соответствующего направления.

3.7.4. На этом этапе ЭУМК, предложенные кафедрами/отделениями/ПЦК, оцениваются по критериям оценки (Приложение 1).

3.7.4. Бул этапта кафедралардан/бөлүм/ПЦКлардан сунушталган ЭОУКтар баалоо критерийлери (1-тиркеме) аркылуу бааланат.
3.7.5. Катышуучулар кыскача презентация (10-15 мүнөт) жасап, курстун өзгөчөлүктөрүн, инновациялык элементтерин жана студенттердин активдүүлүк көрсөткүчтөрүн тааныштырат.
3.7.6. Баалоо жыйынтыгында түзүм боюнча көп упай топтогон ЭОУК университеттик деңгээлге сунушталат.
3.7.7. Билим берүү программалары деңгээлиндеги тандоо этабынын жыйынтыгы комиссия тарабынан түзүлгөн протокол менен таризделип, III этапты уюштуруу комитетине жөнөтүлөт.
3.7.8. II этаптын жыйынтыгы боюнча конкурска катышууга талапкер ОСМКБ басма же электрондук түрдө (qualityeducation@oshsu.kg) төмөнкү милдеттүү документтерди жиберишет:

- Талапкерди конкурска катышууга көрсөтүү жөнүндө түзүмдүн окумуштуулар (педагогикалык) кеңешинин протоколунан көчүрмө жана комиссиянын протоколу;
- Конкурска катышуу үчүн арыз (2-тиркеме).

**3.8. III этап – университеттик деңгээл (апрель)**

3.8.1. Конкурстун университеттик деңгээли ректордун буйругу менен түзүлгөн эксперттик комиссия тарабынан бааланат.
3.8.2. Комиссиянын курамына:

- санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор (төрага);
- сапатты камсыздоо жана академиялык иштер боюнча өкүлдөр;
- маалыматтык технологиялар борборунун өкүлдөрү;
- тажрыйбалуу окутуучулар;
- тышкы эксперттер киргизилиши мүмкүн.

3.8.3. III этапта:

- ЭОУКтун мазмуну жана методикалык түзүмү;
- интерактивдүүлүк жана санариптик инструменттерди колдонуу деңгээли;

3.7.5. Участники представляют краткую презентацию (10–15 минут), раскрывая особенности курса, инновационные элементы и показатели активности студентов.
3.7.6. По результатам оценки ЭУМК, набравшие наибольшее количество баллов по учебному подразделению, предлагаются для участия на университетском уровне.
3.7.7. Результаты этапа отбора на уровне образовательных программ оформляются протоколом комиссии и направляются в организационный комитет для проведения III этапа.
3.7.8. По итогам II этапа кандидат направляет в ОКОМО (в бумажном или электронном виде: (qualityeducation@oshsu.kg) следующие обязательные документы:

- копию протокола педагогического (научно-педагогического) совета учебного подразделения о выдвижении кандидата на участие в конкурсе и протокол комиссии;
- заявку на участие в конкурсе (Приложение 2).

**3.8. III этап – университетский уровень (апрель)**

3.8.1. Университетский этап конкурса оценивается экспертной комиссией, сформированной приказом ректора.
3.8.2. В состав комиссии входят:

- проректор по цифровой трансформации и электронному обучению (председатель);
- представители по обеспечению качества и академическим вопросам;
- представители Центра информационных технологий;
- опытные преподаватели;
- возможно привлечение внешних экспертов.

3.8.3. На III этапе оценивается комплексно:

- содержание и методическая структура ЭУМК;
- уровень интерактивности и использования цифровых инструментов;

- студенттердин санариптик издери (активдүүлүк, аткарылган тапшырмалар, тесттик жыйынтыктар);
- академиялык чынчылдыкты камсыз кылуу механизмдери комплекстүү бааланат.

3.8.4. Университеттик деңгээлдеги конкурстун катышуучуларынын ичинен эң көп упай топтогон 4 финалист тандалат.

3.8.5. Финалисттер эксперттик комиссияга кыскача ачык презентация өткөрөт (10-15 мүнөт), суроо-жооп уюштурулуп баалоо критерийлери (1-тиркеме) боюнча бааланат.

3.9.Эксперттик комиссия функциялары:

- Талапкерлердин электрондук окуу-усулдук комплексин экспертизалайт;
- Конкурсанттардын кесиптик жана чыгармачыл жөндөмдөрүнө баа берет;
- Ачык добуш берүү менен орточо упайынын негизинде конкурстун жеңүүчүсү жөнүндө чечим чыгарат.

3.10. Эксперттик комиссия курамындагы тизме боюнча анын жарымынан көп мүчөсү катышкан отурумунун конкурстун жеңүүчүсү жөнүндө чечими укуктуу болуп эсептелет.

3.11. Жыйынтык комиссиянын протоколу менен таризделет жана уюштуруу комитетине өткөрүлүп берилет.

## 4. Конкурстун талаптары

4.1. Ар бир этапта баалоо бирдиктүү критерийлердин негизинде жүргүзүлөт. (1-тиркеме)

4.2. Баалоо процессинин объективдүүлүгүн камсыз кылуу максатында комиссия мүчөлөрү өздөрүнүн жеке кызыкчылыгы бар иштерди баалоого катышпайт.

4.3. Конкурстун бардык материалдары жана протоколдору университеттин ички документ жүгүртүү системасында сакталат.

4.4. Конкурстун жүрүшү жана жыйынтыктары университеттин расмий маалыматтык ресурстарында жарыяланат.

4.5. Конкурстун жеңүүчүлөрү ОшМУнун ПО курамына алдынкы тажрыйбаны жайылтышат.

- цифровая активность студентов (участие, выполненные задания, результаты тестирования);
- механизмы обеспечения академической честности.

3.8.4. Из участников университетского этапа отбираются 4 финалиста, набравших наибольшее количество баллов.

3.8.5. Финалисты представляют краткую открытую презентацию (10–15 минут) перед экспертной комиссией; проводится сессия вопросов и ответов, оценка осуществляется по критериям оценки (Приложение 1).

3.9. Функции экспертной комиссии:

- проводит экспертизу электронных учебно-методических комплексов участников;
- оценивает профессиональные и творческие компетенции конкурсантов;
- принимает решение о победителе конкурса путем открытого голосования на основе среднего балла.

3.10. Решение о победителе конкурса считается действительным, если в заседании комиссии участвует более половины её членов по утвержденному составу.

3.11. Итоги оформляются протоколом комиссии и передаются в организационный комитет.

## 4. Требования к конкурсу

4.1. На каждом этапе оценка проводится на основе единых критериев (Приложение 1).

4.2. Для обеспечения объективности процесса оценки члены комиссии не участвуют в оценке материалов, в которых у них есть личная заинтересованность.

4.3. Все материалы конкурса и протоколы хранятся в системе внутреннего документооборота университета.

4.4. Ход конкурса и его результаты публикуются на официальных информационных ресурсах университета.

4.5. Победители конкурса распространяют передовой опыт в составе профессорско-преподавательского состава ОшГУ.

| 5. ЭОУКка коюлуучу талаптар | 5. Требования к ЭУМК |
| --- | --- |
| 5.1. Конкурска сунушталган ЭОУК тиешелүү билим берүү программасынын окуу планына жана дисциплинанын окутуу программасына (Syllabus) толук шайкеш келүүгө тийиш. ЭОУК билим берүү порталында жайгаштырылып, студенттер тарабынан колдонулган даяр абалда болушу зарыл.<br>5.2. ЭОУК милдеттүү түрдө дисциплинанын окутуу программасын (Syllabus) камтууга тийиш. Анда дисциплинанын максаты жана милдеттери, окутуунун пландалган натыйжалары, темалар боюнча мазмуну, сааттардын бөлүштүрүлүшү, баалоо саясаты, академиялык чынчылдык боюнча талаптар жана колдонулган адабияттар көрсөтүлөт.<br>5.3. Лекциялык материалдар ар бир тема боюнча системалаштырылган тексттик мазмунду, презентациялык материалдарды жана видео-түшүндүрмөлөрдү (сабактарды) камтышы керек. Материалдар илимий негизделген, актуалдуу жана студенттер үчүн жеткиликтүү формада берилүүсү шарт.<br>5.4. Практикалык жана лабораториялык иштер темаларга шайкеш түзүлүп, аларды аткаруунун так алгоритми, методикалык көрсөтмөлөрү жана баалоо критерийлери менен коштолууга тийиш. Тапшырмаларды жүктөө жана текшерүү механизми билим берүү порталында ишке ашырылышы зарыл.<br>5.5. Студенттердин өз алдынча иштери (СӨАИ) дисциплинанын мазмунуна ылайык уюштурулуп, аткаруу мөөнөттөрү жана баалоо тартиби так аныкталышы керек. Өз алдынча иштер студенттердин аналитикалык ой жүгүртүүсүн жана изилдөө жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталууга тийиш.<br>5.6. ЭОУК студенттер үчүн методикалык көрсөтмөлөрдү камтып, курсту өздөштүрүүнүн тартибин, тапшырмаларды аткаруунун эрежелерин жана консультация алуу жолдорун түшүндүрүүсү зарыл.<br>5.7. Интерактивдүү элементтер, анын ичинде форумдар, онлайн талкуулар, вебинарлар же башка кайтарым байланыш формалары каралышы керек. Бул элементтер студенттердин активдүүлүгүн | 5.1. ЭУМК, представленная на конкурс, должна полностью соответствовать учебному плану соответствующей образовательной программы и программе дисциплины (Syllabus). ЭУМК должна быть размещена на образовательном портале и находиться в готовом к использованию виде для студентов.<br>5.2. ЭУМК обязательно включает программу дисциплины (Syllabus), содержащую цели и задачи дисциплины, планируемые результаты обучения, содержание по темам, распределение часов, политику оценивания, требования по академической честности и используемую литературу.<br>5.3. Лекционные материалы должны включать систематизированное текстовое содержание по каждой теме, презентационные материалы и видеообъяснения (уроки). Материалы должны быть научно обоснованы, актуальны и доступны для студентов.<br>5.4. Практические и лабораторные работы должны соответствовать темам, сопровождаться точным алгоритмом выполнения, методическими указаниями и критериями оценивания. Механизм загрузки и проверки заданий должен быть реализован на образовательном портале.<br>5.5. Самостоятельные работы студентов (СРС) должны быть организованы в соответствии с содержанием дисциплины, с четкими сроками выполнения и правилами оценивания. Они должны способствовать развитию аналитического мышления и исследовательских навыков студентов.<br>5.6. ЭУМК должна содержать методические указания для студентов, объяснять порядок освоения курса, правила выполнения заданий и способы получения консультаций.<br>5.7. Необходимо предусмотреть интерактивные элементы: форумы, онлайн-дискуссии, вебинары или другие формы обратной связи. Они должны способствовать повышению активности студентов и формированию цифрового следа на образовательном портале. |

| | |
|---|---|
| жогорулатууга жана билим берүү порталында санариптик изди калыптандырууга багытталуусу кажет.<br>5.8. Колдонулган адабияттар жана санариптик ресурстар негизги жана кошумча булактарды, электрондук китептерди жана ачык билим берүү ресурстарын камтууга тийиш. Булактарга туура шилтеме берилүүгө жана автордук укук талаптары сакталууга милдеттүү.<br>5.9. Академиялык чынчылдык талаптары толук сакталууга тийиш. Плагиатка жол берилбейт, колдонулган булактарга туура шилтеме жасалууга милдеттүү. Зарыл болгон учурда материалдар тиешелүү текшерүүдөн өткөрүлүшү мүмкүн.<br>5.10. ЭОУК билим берүү порталынын техникалык талаптарына ылайык иштелүүсү, навигациясы так жана түшүнүктүү болуусу, бардык материалдар толук жүктөлгөн жана иштөө абалында болуусу абзел. Файл форматтары бирдиктүү стандарттарга жооп берүүгө жана шилтемелердин иштөө жөндөмдүүлүгү камсыздалуусу шарт.<br>5.11. Кошумча артыкчылык катары автордук видео-материалдардын, виртуалдык лабораториялардын, санариптик симуляторлордун, геймификация элементтеринин жана студенттердин активдүүлүгүн талдоочу инструменттердин болушу эске алынат.<br><br>**6. Баалоо критерийлери**<br><br>6.1. Конкурска сунушталган электрондук окуу-усулдук комплекстер 100 баллдык система боюнча бааланат (1-тиркеме).<br>6.2. Баалоо процесси ачыктык, объективдүүлүк жана бирдиктүү талаптар принциптеринин негизинде жүргүзүлөт.<br>6.3. Ар бир критерий боюнча белгиленген максималдуу упайдын чегинде комиссия мүчөлөрү өз алдынча упай коюп, жыйынтык орточо арифметикалык көрсөткүч аркылуу аныкталат.<br>6.4. Комиссия зарыл болгон учурда кошумча экспертизаны жүргүзүүгө, адистерди тартууга же техникалык аудит уюштурууга укуктуу.<br>6.5. Талаш маселелер жаралган учурда чечим комиссиянын жыйынында көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. | 5.8. Используемая литература и цифровые ресурсы должны включать основные и дополнительные источники, электронные книги и открытые образовательные ресурсы. Необходимо корректное указание ссылок и соблюдение авторских прав.<br>5.9. Требования академической честности должны полностью соблюдаться. Плагиат недопустим, ссылки на источники обязательны. При необходимости материалы могут проходить соответствующую проверку.<br>5.10**.** ЭУМК должна соответствовать техническим требованиям образовательного портала, навигация должна быть точной и понятной, все материалы загружены и работоспособны. Форматы файлов должны соответствовать единым стандартам, ссылки должны функционировать.<br>5.11. Дополнительным преимуществом является наличие авторских видеоматериалов, виртуальных лабораторий, цифровых симуляторов, элементов геймификации и инструментов анализа активности студентов.<br><br>**6. Критерии оценивания**<br><br>6.1**.** Электронные учебно-методические комплексы оцениваются по 100-балльной системе (Приложение 1).<br>6.2. Процесс оценивания проводится на принципах открытости, объективности и единых требований.<br>6.3**.** Каждый критерий оценивается членами комиссии самостоятельно, итоговый балл определяется как среднее арифметическое.<br>6.4. При необходимости комиссия вправе проводить дополнительную экспертизу, привлекать специалистов или организовывать технический аудит.<br>6.5. Спорные вопросы решаются большинством голосов на заседании комиссии.<br>6.6**.** Победители определяются по сумме набранных баллов. В случае равенства баллов преимущество получает ЭУМК с более высоким показателем интерактивности и качества содержания. |

| | |
|---|---|
| 6.6. Жыйынтык упайлардын негизинде жеңүүчүлөр аныкталат. Бирдей упай топтолгон учурда интерактивдүүлүк жана мазмун сапаты боюнча жогорку көрсөткүчкө ээ болгон ЭОУКка артыкчылык берилет.<br><br>**7. Конкурстун жеңүүчүлөрүн жана финалисттерин сыйлоо**<br>7.1. Конкурстун II этабынын катышуучуларына түзүмдүк деңгээлдеги, ал эми III этабынын катышуучуларына университеттик деңгээлдеги сертификаттар тапшырылат.<br>7.2. ОшМУнун “Заманбап электрондук окуу-усулдук комплекси - 2026” конкурсунун жеңүүчүлөрүнө диплом жана акчалай сыйлык берилет:<br><br>I орун – 30 000 (отуз миң сомдон кем эмес)<br>II орун – 20 000 (жыйырма миң сомдон кем эмес)<br>III орун – 10 000 (он миң сомдон кем эмес)<br>IV орун - Кочкор-Ата санаторийине жолдомо (8 күнгө) | **7. Награждение победителей и финалистов**<br><br>7.1. Участникам II этапа вручаются сертификаты на уровне структурного подразделения, участникам III этапа – на университетском уровне.<br>7.2. Победители конкурса «Современный электронный учебно-методический комплекс – 2026» получают дипломы и денежные премии:<br><br>• I место – 30 000 сомов (не менее);<br>• II место – 20 000 сомов (не менее);<br>• III место – 10 000 сомов (не менее);<br>• IV место – путевка в санаторий Кочкор-Ата (8 дней). |

**1-тиркеме**

## Баалоо критерийлери

| № | Критерий | Мазмуну | Максималдуу упай |
|---|---|---|---|
| 1 | Мазмундун толуктугу жана сапаты | Дисциплинанын темаларынын толук камтылышы, мазмундун актуалдуулугу, илимий негиздүүлүгү, билим берүү стандарттарына шайкештиги жана практикалык багыттуулугу | 20 |
| 2 | Методикалык түзүмү | Курстун логикалык структурасы, окуу максаттарынын жана тапшырмалардын өз ара шайкештиги, методикалык көрсөтмөлөрдүн тактыгы | 15 |
| 3 | Интерактивдүүлүк деңгээли | Форум, онлайн талкуу, вебинар, кайтарым байланыш формалары жана интерактивдүү тапшырмалардын болушу жана натыйжалуу колдонулушу | 15 |
| 4 | Баалоо механизмдеринин сапаты | Тесттердин жана башка баалоо каражаттарынын сапаты, баалоо критерийлеринин ачыктыгы жана окутуу натыйжаларына шайкештиги | 15 |
| 5 | Санариптик технологияларды колдонуу | Видео, мультимедиа, санариптик инструменттер жана портал мүмкүнчүлүктөрүнүн колдонулушу | 15 |
| 6 | Дизайн жана навигация | Курстун визуалдык жасалгасы, материалдардын ирееттүүлүгү, колдонууга ыңгайлуулугу жана навигациянын жөнөкөйлүгү | 10 |
| 7 | Студенттердин активдүүлүгү жана санариптик издер | Студенттердин порталдагы катышуусу, тапшырмаларды аткаруу динамикасы, форумдагы активдүүлүгү жана аналитикалык көрсөткүчтөрү | 10 |
| | **Жалпы упайы** | | **100** |

**2-тиркеме**

Конкурстун уюштуруу комитетине
______________________________
(кафедра (бөлүм, ПЦК), кызмат орду)
______________________________
______________________________
(аты-жөнү)
______________________________

А Р Ы З

Мени ОшМУнун “Заманбап электрондук окуу-усулдук комплекси - 2026” конкурсуна катышуучулардын тизмесине кошуп коюуну суранам.

Тиркемелер:

1. Түзүмдүн окумуштуулар (педагогикалык) кеңешинин протоколунан көчүрмө.
2. Конкурстун II этабынын комиссиясынын протоколу.

Кол тамга: ___________________________________

2026-ж. “___” _______________